| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**НАРЫН ОБЛУСУ**<br><br>**АК-ТАЛАА РАЙОНУ**<br>**БАЕТОВ АЙЫЛ**<br>**АЙМАГЫНЫН АЙЫЛ**<br>**ӨКМӨТҮ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br><br>**АК-ТАЛИНСКИЙ РАЙОН**<br>**АЙЫЛ ОКМОТ**<br>**БАЕТОВСКОГО АЙЫЛНОГО**<br>**АЙМАКА** |

**Баетов айыл аймагынын айылдык кенешинин депутаттарынын кезексиз XIV сессиясынын**

**ТОКТОМУ**

**18-ноябрь, 2025-жыл** **№ 14/1** **Баетов айылы**

**Баетов айыл аймагынын көрүстөндөрүндө көмүү жайларын брондоо тартиби жөнүндө ЖОБОну бекитүү боюнча**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 19-августундагы №502 “Кыргыз Республикасынын көрүстөндөрүндө көмүү жайларын брондоо тартибин бекитүү жөнүндө” токтому менен бекитилген жобого, Ак-Талаа райондук мамлекеттик администрациясынын 03.10.2025-жылдагы №01-4/136 буйругуна ылайык, депутаттардын Баетов айылдык кеңешинин кезексиз XIV сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Баетов айыл аймагынын көрүстөндөрүндө көмүү жайларын брондоо тартиби жөнүндө сунушталган ЖОБО бекитилсин.
2. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин “Көрүстөндөрдө көмүү жайларды брондоо тартибин бекитүү жөнүндө” №502 токтому менен бекитилген жобого ылайык Баетов айыл аймагынын көрүстөндөрүндө көмүү жайларын брондоо боюнча иш алып барууга макулдук берилсин.
3. Токтомдун аткарууга алуу Баетов айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы А. Акиевге милдеттендирилсин.
4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу регламент, депутаттык этика, жана мандат, мыйзамдуулукту укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо боюнча туруктуу комиссияга тапшырылсын.
5. Ушул токтомду веб сайтка жарыялоо Баетов айылдык кеңешинин жооптуу катчысына тапшырылсын.

**Төрага:** **Ч. Азимжанов**

**Жиберилди: иш кагазына, Баетов айыл өкмөтүнө**